КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫ ЖАЙЫЛТУУ БЮРОСУ

# АКЫН
# ЖОЛОН МАМЫТОВ



50

ОЙНОСУН ЖҮРӨГҮМДӨ ҚАЙРА БОРООН,
ЖАҚШЫ ЫРГА ТОЛСУН ҚОЙНУМ,
ТОЛСУН ҚОРООМ.
ОҚУРМАН АЙТЫП ҚАЛСЫН:
«ҚАНТКЕН МЕНЕН
ӨЧӨӨРДӨ ЖАРЫҚ ЖАНГАН АҚЫН ЖОЛОН!»
**ЖОЛОН МАМЫТОВ**

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫ ЖАЙЫЛТУУ БЮРОСУ

# АКЫН ЖОЛОН МАМЫТОВ

АБОНЕМЕНТ
ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 438833
ЮНОШЕСКИЙ ОТДЕЛ

КЫРГЫЗСОЮЗТЕАТР 1990 ж.
ФРУНЗЕ ШААРЫ

Жолон Мамытов 1968-жылы басмадан чыккан «Отту сүйөм» деген туңгуч ыр китеби менен кыргыз совет адабиятынын босогосун ишенимдүү аттап кирген. Бул китеби анын чыгармачылыкка чоң камылга менен кирген, жаңыча ойлонгон адабиятта жаңы сөз айта турган жаңычыл, келечеги кең акын экендигин далилдеген болучу.

Тагдыр сараңдык кылып, ага бөлүп берген кыска мезгилдин ичинде Жолон Мамытов көркөмдүгү бийик, мазмуну терең, адам турмушун, өмүрүн, эмгегин сүйүүсүн, улуулугун даңазалаган көптөгөн жакшы ырларды, дастандарды жаратты. Өз элинин бакты-таалайына жүрөгү жарыла кубанып, анын бүгүнкү тагдырына, келечегине жан-дили менен күйүпбышкан, эл менен санаалаш, мүдөөлөш, максатташ акын элдин көңүлүндөгү маанилүү ой-пикирди өз чыгармаларында чебердик менен чагылдырган. Бул асыл касиет ага мүнөздүү экендигин анын бардык ыр китептери, ар кыл чыгармалары ырастап турат.

Ал өзүн ар бир чыгармасында азыркы мезгилдин согуп турган кан тамыры сезилген, өсүп-өнүккөн кыргыз поэзиясынын азыркы жүзүн жана деңгээлин айгинелеген чыныгы акын, адабиятыбыздын тайманбас жоокери катары көрсөтсө, экинчи жактан, өзүнө ишенип берилген бардык жооптуу коомдук кызматтарда ал калкыбыздын адил, чынчыл уулу, мекенибиздин нукура патриоту катары көрсөтө алды. Республикабыздын жазуучулар Союзунун жетекчилеринин бири болуп кызмат өтөгөн кезде сарамжалдуу ишмердиги, талыкпас мээнеткечтиги аркылуу, кимге гана болбосун, кайсыл гана маселеге болбосун дайым калыс жана принциптүү мамиле жасагандыгы аркылуу ал адабий коомчулукта чоң кадыр-баркка ээ болгон.

Жолон Мамытов кыргыз поэзиясынын жанып турган жарык жылдызы эле. Анын ар кыл темадагы ырларын, дастандарын окуганыбызда ал акындык чебердиктин небир купуя сырларын кылдаттык менен өздөштүргөндүгүн көрөбүз. Ал жүрөгүнүн акыркы кагышына чейин дендеги күч-кубатынын, толкуп-ташкан талантынын бардыгын өз эли үчүн бут жумшап, Мекен алдында акындык жана адамдык ыйык парзын актап кетти.

Акын чыгармачылык кубаты толуп турган убакта арабыздан кетип, нечен сонун ойлорду кагаз бетине түшүрүүгө үлгүрө албады. Анын иш столунда «Токтогул Кытайда» деген жарымын гана жазып бүткөн жаңы пьесасынын кол жазмасы калды.

Ал өтө кадырлаган, талантын жогору баалаган атактуу акыныбыз Алыкул Осмоновдун бир ырында мындай ой айтылган:

Каламы чебер акындын
Эки өмүр, эки жазы бар:
Бирин өзү жашайм дейт
Бирин ырым жашайт дейт.

Жолон Мамытовдун да өзү жашаган өмүрү бүтүп, ыры жашай турган экинчи өмүрү башталды. Тилекке каршы, анын өз өмүрү кыска болду. Бирок, ыр өмүрү өтө узак болору бышык. Ушул ойду колуңардагы китепчеге кирген калемдеш акындарынын дилдеги чыныгы сезимден ага арнаган ырлары аныктап турат.

Жолон Мамытов акын жана поэзия жөнүндө мындай ой айткан эле:

Күч жок экен поэзия күчүндөй.
Акын үчүн бул дүйнөдө өлүм жок
Жазган ыры элде калса бүтүндөй.

Ал көзү барында Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болсо, көзү өткөндөн кийин «Сепил» аттуу операнын либреттосу үчүн А. Малдыбаев атындагы сыйлыкка, ал эми «Жүз жашка тол, кылым» аттуу ыр китеби үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду. «Адабият» басмасы быйыл акындын тандалган ырлары, дастандары кирген «Башат жана мухит» аттуу көлөмдүү ыр китебин окурмандарга тартуулады.

Бул күндө акын туулуп, балалык күндөрүн өткөргөн Ош шаарынан анча оолак эмес, Ак-Бууранын күн чыгыш жагынан Жолон Мамытов атындагы орто мектепти жана анын музейин, Ак-Бууранын күн батыш жагындагы Төлөйкөн айылынан Жолон Мамытов атындагы чоң көчөнү көрөбүз. Мунун бардыгы анын жогорудагы айткан оюу ырасталып, элге калтырган ыры да, өзү да өлбөгөндүгүн, туугаи эли атактуу акын уулун, асыл уулун эч качан унутпай тургандыгынын анык далили.

Соорoнбай ЖУСУЕВ,
Кыргыз ССРинин эл акыны.

## ЖОЛОН МАМЫТОВДУН ТАРЖЫМАЛЫНДАГЫ МААНИЛҮҮ УЧУРЛАР

Жолон Мамытов 1940-жылы 1-апрель күнү Ош областынын Кара-Суу районунда Ак-Бүүра дарыясынын боюндагы Төлөйкөн айылында туулган.

1957-ж. Төлөйкөн айылында орто мектепти бүткөн.

1957—1962 ж. Фрунзе шаарындагы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун студенти.

1962—1968-ж. Кара-Суу районундагы «Катта-Талдык» совхозунда башкы ветеринардык врач.

1968—1969-ж. Ош областтык радиоуктуруу редакциясынын улук редактору.

1968-ж. СССР жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынат.

1969—1971-ж. Москва шаарындагы СССР жазуучулар Союзунун алдындагы Жогорку адабий курсунда окуйт.

1971—1974-ж. Ош областтык телекөрсөтүү жана радиоуктуруу комитетинде башкы редактор.

1974—1976-ж Кыргызстан киночулар Союзунун жооптуу катчысы.

1975-ж. КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1976—1980-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин кинематография боюнча мамлекеттик Комитетинде башкы редактор.

1980—1984-ж. «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын редакциясынын поэзия бөлүмүнүн башчысы.

1984—1986-ж. Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын катчысы.

1986—1988-ж. Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын төрагасынын орун басары.

1988-жылы 7-мартта дүйнөдөн кайткан.





Апасы, агасы, туугандары менен.

Ыр окусаң анык түрчү жарашып,
Ырың шамдай жарык түрчү таратып.
Күлүк болдуң капысынан жыгылган.
Күчүн үрөп чуркап кетип баратып.

Көңүлүң жык толуп турган ыр эле,
Көлкүй берчү, өрчүй берчү сыр эле.
Көгүш түндө көктөн учкан жылдыздай
Көздөн кайым болдуңбу, акын, чын эле!..

Сен кылымды жүзгө чык деп чакырып,
Өзүң неге чыкпай кеттиң элүүгө!
Калк ичинен жөнөдүңбү калкыңа
Канаттуу ыр болуп кайра келүүгө!

Өлчөп болбос теңештирип алтынга
Өлбөс ырлар калды, Жоке, артыңда.
Өмүрүңдү эми ыр бойдон өткөрүп,
Өз элиңдин көңүлүндө жаркылда!..

Сооронбай ЖУСУЕВ.



Жазуучулар союзунда.

Адамдыкка каныk болгон кезиңде,
Акындыгың анык болгон кезиңде,
Айланаңа жарык толгон кезиңде,
Не деп кеттиң өмүр шамын өчүрүп.


Бутак өсүп чынар болгон кезиңде,
Канат жайып тынар болгон кезиңде,
Бийиктелип мунар болгон кезиңде,
Не деп кеттиң күндү түнгө көчүрүп!

Ыргагынан күү башаты агылып
Турчу эле го ырыңа тоо жаңырып..
Муну ойлосок-түтөйт, түтөйт каңырык.

Өлбөстүккө багбан болуп келесиң,
Элиңе арнап ыр багынын мөмөсүн.
Өчпөйт! Өчпөйт! Сенин тунук элесиң.

Түмөнбай БАЙЗАКОВ.





Ош областтык радиосунда.


О, Кыргыздын зор таланттуу баласы
(Шум өлүмдүн кылган ишин карачы)
Аз күн ооруп... чуркап жүрүп көп адам,
Ажалыңа бололбады арачы.

Поэзия, жел термеген, музалуу
Дарак болсо, көккө жеткен кучагы,
Көзгө толуп мөмөлөгөн чагында
Сынып түштү анын белдүү бутагы.

Эстен танып, эсин жыйып бир кайра
Жакындарың боздоп турса мындайда,
Ичтен түтөйм, сенин ушул дартыңа
Жер жүзүнөн таппаганга бир да айла.

Аттиң! Аттиң! Өтүп кетти өтөөр иш!
Азыр кыйын бул кайгыны көтөрүш.
Биз тирүүлөр, көз эткүчө, ар качан,
Бейитиңе таазим кылып өтөбүз!

Жалил САДЫКОВ.



Ош облакттык радиосунда.

Элиң үчүн гүлдөп турган бак элең
Досторуңа атып турган таң элең.
Качан болсо тийип турган пайдасы
Сен элиңе эң керектүү жан элең.

Сен турмушта бараткансың арымдап
Канча дагы татаалдыктар багынмак
Алоолонуп жанып турган от элең
Алыстыкта жарык чачып жалындап!

Кайгыдабыз көзүбүздөн жаш кулап,
Суук кабарга тикесинен чач турат.
Капилеттен сага келген бул өлүм
Көкүрөккө туруп калды таш сымак.

Бирде жерге бирде көккө жанашып,
Мезгил менен алпурушуп баратып,
Учуп өткөн жылдыз сымак ааламдан
Учуп өттүң жарыгыңды таратып.

Кармышак ТАШБАЕВ.





Ж. Мамытов, Б. Шамшиев, А. Темирова.
Якутия. 1979 жыл.

Куунак жүргөн жаштык кезиң жер Түштүк,
Кунанымда сен тай болуп ээрчиштик.
Кыргыз күүсүн мен аз эрте, сен аз кеч
Кошун кошуп, кол жалгашып чертиштик.

Тагдырыңдан таалайыңды талашып
Жашап жүрдүң ырга черди таратып.
Көлгө кайык жарашкандай көйкөлүп
Ырыңа өзүң ыр өзүңө жарашып.

Кетпечүдөй бул дүйнөгө жөн келип,
Калар, элең каш-кабагың дөңдөнүп.
Айланаңа таштаар элең курч карек
Томогосун алган бүркүт өңдөнүп.

Жакшы ырыңда өмүрүңдү улаарсың
Жарык таңда үнү каткан уларсың.
Кош, Жокеним, кош деп атам аргам жок,
Ыр жандуу элге дайым жетпей тураарсың.

Омор СУЛТАНОВ.



Поэзия кечесинде.

Көөдөндөн
көөнөрбөс курч ырларды ырдап,
жайдаңдап
жакшы аттай басык таштап
келаткан
ак жолуңа илдет тартып
иш кылды мерес тагдыр
зор кыянат,
«Жеталбай калдыкпы деп кадырыңа»
калың эл турат карап
көзүн жаштап.
...Кыргыздын ыр сыйлаган
уул-кызынан
угулуп дайым сенден
турса кабар,
шар аккан дарыянын
үнү сымал
шарпаңды алып келип
турса шамал —
«Жашоого мен кайрадан
жолугам» деп
айтканың
айтканыңдай келгени дал,
барың шол
сенин тирүү арабызда —
күнүңдүн
батып-чыгып турганы ал.

Сүйөркул ТУРГУНБАЕВ.





1976 жылы Фрунзеде өткөн поэзия майрамында.

Тагдыр сени шаштырып,
Ыр жаздырып иштеткен.
Болсо керек үлгүргүн,
Көптү сөз деп тездеп сен.

Оңойбу жерде жашамак,
Куланган нечен алтын жан.
Жакшылар далай жалп эткен,
Бул адат келет башынан.

Ич эзилет аябай
Балдарың, жарың көргөндө.
Жолон дос, кайран Жолонум
Ишенбейм отуң сөнгөнгө...

Тирүүлөр далай көз артар
Ысымың калды артында.
Мазакта далай акынды,
Элесиң жанып жаркылда!

Рамис РЫСКУЛОВ.



А. Токтосартов.
Ч. Айтматов, Ж. Мамытов 1983 ж.

Каргыш айтам: катаал турмуш тагдырга
Таланттарды куйкалаган тандырга
Эмнеликтен өмүрүңдү туш кылды
Оозун ачкан ажал шүмшүк калбырга

Иним элең алыс жолдо бир баскан
Акылдашкан, чын жүректөн сырдашкан
Экөөбүз тең Алыкулду сүйчүбүз
Татаал доордо кыйын жашап ыр жазган...

Биздин катар эңшерилип бөксөрдү,
Сен да сызып Алыкулдун артынан.
Ыйлап турам көз жаш төгүп мүрзөңдө
Жүрөк эзген куйүтүңдүн дартынан

Жан күйгүзөт арылбаган чоң арман
Кошо кетти далай сонун чыгармаң
Дагы канча дастандарды жазмаксың
Муну ойлосом сөгүлгөнсүйт кабыргам...

Камбаралы БОБУЛОВ.





С. Эралиев, Т. Байгазиев, Ж. Мамытов, К. Эдилбаев.

Ыр дүйнөдө алоолонгон от эле,
Ыр арнагым келип маркум Жокеме,
Бийик жанга ыйык ыргак издеймин
Дуулдатып окуюн деп кечеде.

Акын эле пас күчтөрдү өрттөгөн,
Жакын эле жаш күчтөргө кептөгөн.
Арноо ырга татыктуу сап табылбай
Ар сөзүмө көңүлүмү төрт бөлөм.

Кыргыз ырдын кыйла жерин көрктөгөн
Мурас калды муз үстүндө көктөгөн!
«Ашуу болсоң Долондой бол,
Акын болсоң Жолондой бол!»
Деген кош сап маани-жайы төп бөлөм!

Аталышы үйкаш экен карасам,
Атагычы!! Шайкеш экен бааласам.
Атпай кыргыз сага сунган ылакап
Айта жүрсүн кааласаң...

Анасбек ЖУМАЛИЕВ.



Ж. Мамытов, Социалисттик Эмгектин баатыры, СССРдин эл художниги К. Айтиев менен.

Көзү курч, жүрөгү өткүр, балбан дене
дарты жок дараметтүү адам эле.
Капырай, өмүр суусун, өлүм уусун
каяктан алмаштырып жуттуң эле!

Кош, досум, «кош» деген сөз кандай куйүт,
өчкөнү ушул тура адамда үмүт.
Сен барып жата турган жымжырттыкка
сөз качып, биз мокойбуз, кулак түрүп.

Эх, Жокен! — өкүнүчүң өрттөп турат!
Балакет, ажал деген кайдан чыгат!
Өзүңдөй поэзия өлкөсүнө
ак дилден ким берилип кызмат кылат!

Токтогул, Алыкулду артык коюп,
ыр үчүн ыймансызга бөгөт болуп,
жашаган акын жүрөк аян берип,
ар качан арабызда тураар согуп.

Асан ЖАКШЫЛЫКОВ.





Ж. Мамытов — жаштар менен.

Арманга толду көкүрөк,
Аны ким, кантип өчүрөт!!.
Ач кыйкырык угулду:
«Арадан Жолон өттү!» — деп.

Күйгөндө жарык чырагы,
Күбүлүп жерге кулады.
Күмүштөй шыңгыр ырларга
Кана элек болчу кумары.

Жароокер эле, таза эле,
Жадырап турган жаз эле.
Оюна кимдин келиптир,
Жашайт деп аны аз эле.

Карганша кайдан туш болуп,
Кай жакка учтуң куш болуп!
Кар басып калды жүрөктү
Капилет түшкөн кыш болуп.

Сүйүнтбек ДҮЙШӨНАЛИЕВ.



СССРдин эл депутаты, Казахстан Жазуучулар союзунун катчысы М. Шаханов, акын Ж. Мамытов.

Улуу Тоонун бир чокусу кулады!
Жалп! деп өчтү алоолонуп турган от!
Жакшы өмүргө кээде саран нерсе экен
бул дүнүйө бүгүн бар да, эртең жок.


Асманга тоо тийип турган чекитте
Жылдыз болуп ал От күйүп турчу эле.
Кызыл түскө толо болчу жалыны,
табы дагы ысык эле, курч эле!

Бүркүт учкан бийиктикке умтулган —
Тилегине жетсе экен деп тиледик.
Көктү тиктеп күйүп турчу көздөрү! —
көкүрөгү күн нуруна ширелип!

Шамал шамды өчүрсө да, а бирок,
акын ысмын өчүрө албайт уяттуу!
Өзүң урап түшсөң дагы, ырларың
агып турар тоонун суусу сыяктуу!

Абдрахман АЛЫМБАЕВ.





Куба 1984 ж.

Көп сөздөрүң сүйлөнбөй,
Көп ырларың окулбай,
Кайтпас жайга кеттиң ээ,
Кагылайын досум ай!

«Оттү сүйгөн» жүрөгүң
Болчу ырдын түнөгү.
Алып кетти арман ай,
Аны ажал билеби!

Жоке, эми өңү өчпөс
Поэзияң арчадай,
Кылымдарды карытып
Кызмат кылат чарчабай.

Каныбек ЖУНУШЕВ.



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 438833



Ж. Мамытов Кызыл-Суулук кыргыздар менен.

### ЖОКЕМДИ ЭСКЕРИП...

Кайрыгындай кайгылуу бир обондун,
Кайра эстесем көкүрөккө толоор муң
Нур элесин ыр окуган шартылдап
Кайран гана... акын агам Жолондун!

Жандап сени Поэзия-аты улук,
Ыр деп жашап, ырларыңа баш уруп,
Жарык чачып туулган жердин тулкуна
Жанар тоодой чыккан элең атылып...

Кайран Жокем... жалп деп өчкөн жаркын жан,
Мурас калды мүүндар үчүн калтырган.
Сен атакты издебедиң өмүрдө
Атак сени издеп келет артыңдан!

Тоодон түшкөн миң сан тамыр, булактуу,
Толкуп аккан, мөңкүп аккан кубаттуу,
Жолон-дайра, соолубаган ыр дайра
Ак-Буурасы соолубаган сыяктуу!

Маркабай ААМАТОВ,
Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты.





Ж. Мамытов.

Күргүштөп аккан кечээги,
Күнгөйдүн күчтүү өзөнү —
Күйүттү салып жүрөккө
Күйгүзгөн бойдон кетеби?!

Маңдайы жарык ырындай,
Маанайы албуут кылымдай,
От сүйгөн акын эмне үчүн
Эртелеп кеттиң куюндай?!

Мезгилге шыгын бүлөгөн,
Ичи тар күлсөң жүдөгөн.
Ырларың сонун болгондой
Өзүң да жигит гүлү элең

Ырбаган жарам бүтөлбөй...
Өрттөдүм өзөк бүт элдей,
Топурак салып жатканга
Турамын эч бир ишенбей.

Аңатай ӨМҮРКАНОВ.



Ж. Мамытов, Р. Ганди Индиянын борбор шаары Делиде. 1987 ж.

Нурга бөлөп өмүр-күндүн көчөсүн,
ырга берип поэзия кечесин.
Күлүп коюп дале тирүү кезиңдей
күйүт толгон терезeмден өтөсүң.

Суулар акты, өмүр акты, ыр акты,
жашоо жолу жакынбы же ыраакпы!
Кимдер эми жагып өчкөн чыракты,
кимдер угат шыңгыр үнүн булактын!..

Каректерден кулайт жаштар тамчылап,
көөдөн — ыйга, күйүт, муңга жанчылат.
Өчтү бүгүн өчпөчүдөй сезилген
кыргыз үчүн күйүп турган шам чырак.

Атакул ЖАКЫПОВ.





Ереван. 1984 ж. Кеңешмеде.

Бул не шумдук!
Эшиттим кандай кабар!
Ажал!
Акынды алды ажал!..
— Оо көр дүйнө!
Ишенгим келбейт буга
Дүйнөнү басты туман
Мен нени угуп турам!

Ар бир күнүн ашкере майрамдаган,
Арсыздардын ичип-жеп сайрандаган
Умачтай ачкан көзүн ыры менен
Оо, акыным, кайдасың эсил кайран!!

Жакшылар жаздын күнкү жоогазындай
жалп этип соолсо минтип кезек келбей,
Жалганчы — сасыткылар жыргап-куунап,
сасык тумоо өңдөнүп элди булгап,
жүрүшөт көчөлөрдө кезек бербей...

Жедигер СААЛАЕВ.



Ж. Мамытов XXVIII конференциянын делегаты. 1985 ж. Фрунзе шаары.

Китептери — анын эккен багы эле,
Жоогазындай гүлдөп турган чагы эле.
Бергенинен бере элеги көп анын,
Далай ашуу ашат болчу дагы эле.

Отту сүйчү оттой жанып жүрөгү,
Омоктуу эле турпатында кайран эр.
Толкун болуп толкуп турган акынды,
Уялбастан койнуна алды кара жер.

Калды артында сан жетпеген байлыгы —
Мөлтүрөгөн тоо суусундай музасы.
Аны кошо ала кетпей калганга,
Шум ажалдын келип турат ызасы.

Абдыразак АСРАНКУЛОВ.





Ж. Мамытов иш кабинетинде.

Мен канчалык билгизбейин жогуңду, —
десем дагы кайгы басат жонумду.
Бул өмүрдү жашап өттүң акынча:
«Таап өттүң кайталангыс жолуңду».

Акын Жолон тирүүсүнө ишен! деймн,
Акын Жолон жашарына ишен! деймн.
Арсыз ажал мени да алып кеткичең,
Ага, сенин өткөнүңө ишенбеймн!

Өмүр ыр деп жансын, күйсүн, кыйылсын,
Караңгынын көшөгөсүн сыйырсын.
Заман алга бара берсин күн баштап,
Акын элге, эл акынга сыйынсын.

Ыр окушсак эт-жүрөктөр дүрүлдөй,
Үндөрүбүз окшош эле бир үндөй.
Акындай да, асыл тууган агамдай
Көрөм сени, сүйөм сени тирүүдөй...

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ.



Ж. Мамытов, Кызыл-Суу областынын башчысы Сулайман ага менен. 1986 ж.


Ал бүгүн атың биздин арабызда,
Жаш тогот ойноп жүргөн балабыз да.
Не чара тагдыр жазмыш ушул болсо,
«Эсит» деп арман айтып калабыз да.

Жан элең жанып турган жалын элең
Жаратып достук мээрин арың менен,
Элиме туңгуч сапар кербен тартып,
Жол ачкан чет өлкөлүк акын элең.
О Жоке, сенин баскан издериңди
Бүгүн мен элге-журтка айтып келем.

Кантейин кайткыс сапар алыс кеттиң,
Кабырыңа баралбаймын, аттиң аттиң...
Артыңда аяш Меңди, төрт перзентиң.
«Жолугуп жылдардын бир жылдарында»
Эки эл кол кармашар жашап эркин...

Момун ТУРДУ.





Областтык радиодо, иш үстүндө.

Күндүн нуру күүлөп канат сабатты,
Күндү көздөй турна учуп баратты.
Өмүрүндө учуудан ал тажабай,
Өзүндө бир өмүр жолун жаратты.

Көтөрүлгөн көп турналар катары
Көк мейкинде анын алыс сапары.
Күнгө жетип төбөсүнө конордо
Кулап түштү, неткен кыска жашары!!

Түшсө турна көктөн боосу кыйылып,
Көз жашымдан көлдөр толду жыйылып.
Күндү көздөй учкан ошол турнага
Күндө жүрөм таазим этип сыйынып.

Эликтебей элдир-селдир көлөкө,
Өр таянса жөлөнбөгөн жөлөккө,
Акын эле агам Жолон жаңы ойлуу
Ыр жазганда окшотпогон бөлөккө.

Жеңиш ЫБЫРАРАЙ.



Ж. Мамытов үй бүлөсү менен.

Таңдайыңдан укмуш ырлар төгүлүп,
Акылыңдан аалам айкын көрүнүп.
Жолон ага, ажал аймал койгондо
Кабыргабыз калгансыды сөгүлүп.

Кудуретим макул көрүп ынаса,
Бербейт белем өз өмүрүм өтүнүп.
Кокусунан куржунуна салганда
Теңир дагы калган чыгар өкүнүп.

Мейли эми өкүнгөндө айла жок,
Акыретте тынч жатыңыз көшүлүп.
Биз калгандар жолуң жолдоп аларбыз
Сиз таштаган нур күзгүгө көрүнүп.

Мамбетөмүр ӨМҮРАКУН





К. Ташбаев, Ж. Мамытов.

## ЖОЛОН МАМЫТОВДУН КИТЕПТЕРИ

1. ОТТУ СҮЙӨМ. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969-ж.
2. ЖАШЫЛ ААЛАМ. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1971-ж.
3. УБАКЫТ. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1973-ж.
4. ЫРЛАР. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1975-ж.
5. МЕЗГИЛДИН ЭЛЕСИ. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1977-ж.
6. БУУРУЛ ТАНДЫН ЖОМОГУ. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1980-ж.
7. СКАЗКА О ХРАБРОМ ЧИЛТЕНЕ. Фрунзе, мектеп басмасы, 1981-ж.
8. СУУНУН ӨМҮРҮ. Фрунзе «Кыргызстан» басмасы, 1981-ж.
9. РОДНИК И ОКЕАН. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1983-ж.
10. ЖАРЫШКАН СУУЛАР. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1983-ж.
11. ТОК. Москва, «Советский писатель» басмасы, 1985-ж.
12. АТКА ТОКУМ САЛГЫЛА. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1986-ж.
13. ЖҮЗ ЖАШКА ТОЛ, КЫЛЫМ. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1987-ж.
14. ТРИ СКАЗКИ. Фрунзе, «Адабият» басмасы, 1989-ж.
15. БАШАТ ЖАНА МУХИТ. Фрунзе, «Адабият» басмасы, 1990-ж.



Куба Кариб деңизинин жээгинде. 1984 ж.

## ЖОЛОН МАМЫТОВГО БЕРИЛГЕН СЫЙЛЫКТАР

1973-ж. «Каармандык эмгеги үчүн» медалы.

1981-ж. «Суунун өмүрү», аттуу ыр китеби, «Олокон» аттуу мультфильмдин сценарийи, «Түркүк эненин балдары» деген куурчак театры койгон спектакль үчүн Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгы.

1989-ж. «Селил» операсынын либреттосу үчүн А. Малдыбаев атындагы сыйлык.

1989-ж. «Жүз жашка тол, кылым» деген ыр китеби үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы.



АКЫН ЖОЛОН МАМЫТОВ

Түзгөн С. Жусуев
Көркөм редактору К. Коеналиев
Редактору Т. О. Рыскулбеков
Корректору К. Алчынбаева
Заказдын № 342 Тиражы 10000
Басууга 10. 01. 90 ж. берилди
Көлөмү басма табак. Форматы
Көлөмү басма табак. Форматы

Кант. басмаканасы. Зак. 342—10000 90 г.

Баасы 50 тыйын.